У.Жумабаев атындагы Кара-Добо орто мектеби

# АЧЫК САБАК

## 1 класс

## Тема: “Хх” тыбышы

Негизги компетенттүүлүктөр

- Маалыматтык : “Хх” тыбышы жөнүндө маалымат алат.
- Социалдык-комуникациялык: топтордо жупта иштейт.
- Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү: өз алдынча сүрөт аркылуу жана муундарды табуу аркылуу китеп окушат. Колдонот.

Предметтик компетенттүүлүктөр

К1- Хх тыбышын жана тамгасын тааныйт. К4- Муунду туура окууга машыгат.

К2- үндүү, үнсүзгө ажыратат. К5- Шар окуйт.

К3- кошуп муун окуйт.

| Сабактын максаты: | Окуучулар үчүн күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| 1. Хх тыбышын жана тамгасын таанытуу. | -эгерде окуучу Хх тыбышы менен таанышып, Хх катышкан сөздөрдү, тексттерди туура окуу үйрөнсө; |
| 2. Жаны сөздөрдүн маанисин түшүнүп, сөз байлыгы, ой жүгүртүүсү эске тутуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат. | -кырдаалга карата оозеки кеби өнүксө; текст боюнча өз оюн жеткилитүү, туура айтып берүүгө машыкса: |
| 3. Кыш мезгилинин өзгөчө кереметин хоккей оюну аркылуу байкай алышат. | - “Хоккей” деген текстти окуп, табиятты сулуулугуна суктана алса; |

Сабактын тиби: Жаны билимдерди өздөштүрүү сабагы.

Сабактын ыкмасы : Сүрөт аркылуу аңгемелешүү, көрсөтмөлүүлүк, байкоо, топто иштөө.

Сабактын жабдылышы: Окуу китебиндеги тапшырмалар , сүрөттөр, буклеттер тамга кассасы.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Сабак - тын этаптары** | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | **Компетен -түүлүк** |
|---|---|---|---|
| **I этап** Шык-тан-дыруу | а) Саламдашуу<br>б) уюштуруу.<br>Жагымдуу маанай түзүү.<br>Алтын эреже түзүү.<br>Топторго жетекчи шайлоо.<br>в) Өтүлгөн тема боюнча билимдерин текшерүү, бышыктоо.<br>Ар бир топтор жупта иштейт.<br>Ар бир топко карточкалар берилет.Карточкада тамгаларды түстөр менен белгилешет.<br>1-топ үндүү кызыл калем<br>2-топ жумшак үнсүз жашыл<br>3-топ: каткалаң үнсүз көк | 1.Кутман күн!<br>Бири-бирине жылуу сөз тартуулоо.<br>Өтүлгөн тема боюнча мугалимдин суроолоруна жооп берет.<br>Билимдерин жыйынтыкташат.<br>Жупта иштешет. | **К2 К3, К4** |
| **II этап:** Жаны теманы жарыя-лоо | Сабактын максаты окуучулардан суралат.Окуучуларды мугалим толуктайт.<br>1.Мотивация берүү<br>2. “Хх” тыбышы менен тааныштыруу.<br>Каткалаң үнсүз.Түгөйсүз. | Окуучулар максаттарды айтышат.<br>“Хх”тыбышы менен таанышат. | К 1 |
| 3-этап Тема боюнча маалы-мат берүү | 1.Окуучулар чынжыр боюнча х тыбышы катышкан сөздөрдү айтышат.. | Топтор иштешет.<br>1.Сөздү курайт<br>2.Тамга жана | **К 2,** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2.Сөз куроо<br>Топторго тамгалар таркатылат.Тамгалардан сөз куроо керек.<br>1-топ: халат<br>2-топ:пахта<br>3-топ:шахмат | тыбыштардын санын эсептейт.<br>3.Муунга бөлөт.Муундун түрлөрун аныкташат.<br>4.Сүйлөм түзүшөт. | |
| **IV этап**<br>Көнү-гүү машы-гуулар | Доскадагы ачык ,жабык,туюк муундарды топтор кезектешип жалпы окушат.<br>Текст менен иштөө.<br>Кыш келди.Айлана-ак карга бөлөндү.Бүгүн Фархад менен Рахат.хоккей ойногону чыгышты.Аларга башкаларда кошулду.Тахир менен Султан аларга кызыгуу менен карап турушту.Балдар хоккей ойногонду жакшы көрүшөт.Алар мыкты ойноп жатышат.<br>Синоним сөздөр.<br>Бөлөндү-чулганды.<br>Ойногону чыгышты-ойногону барышты.<br>Кызыгуу менен-ынтызарлык менен<br>Мыкты-зор<br>Антоним сөздөр.<br>Ак-кара<br>Балдар-кыздар<br>Жакшы-жаман.<br>Китептеги сөздөрдү окуу.<br>Ах,ох,хан,хор,сахна,хоккей,шахта,пахта.<br>Убакыт болсо кошумча тапшырмалар.<br>Сыйкырдуу экран силерге тапшырмаларды алып келиптир.<br>Синоним сөздөр.<br>Жүгүрдү-чуркады.<br>кубанды-сүйүндү.<br>Кооз-сулуу<br>Антоним сөздөр.<br>Суук-жылуу<br>Эмгекчил-жалкоо<br>Жумшак-катуу | Тексттерди туура окууга машыгышат.<br>Топтор текстти бир сүйлөмдөн окушат.<br>Синоним,антоним сөздөр менен иштешет.<br><br>.Ар бир окуучу бир сөздөн окушат.<br><br>Китептеги сөздөрдү чынжыр боюнча окушат.Окуган сөздөрү боюнча сүрөттөр экрандан көргөзүлүп турат. | **К2**<br>**К3**<br>**К 4** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **V. этап жыйынтыктоо** | Х тамгасын газеталардан белгилөө.<br>1.Бүгүн кандай тыбыш менен тааныштыңар?<br>2.Эмнелерди үйрөндүңөр?<br>3.Сабакта койгон максатыңарга жеттиңерби? | Суроолоруна жооп берүү менен сабактан алган билимдерин жыйынтыкташат.Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп беришет, жана ага карата сүйлөм түзүүгө үйрөнүшөт. | |
| **Баалоо** | Бири-бирин баалоо.<br>Упайлар эсептелип жеңүүчү топ аныкталат. | Бири-бирин оозеки баалашат. | |
| **Үйгө тапшырма** | Хоккей - деген текстти окуп, көчүрүп жазып келүү. | Текстти окуп, көчүрүп жазып келишет. | |